# Кудай менен болгон убакыт

Эгерде биз кимдир бирөөнү билгибиз келсе, ал менен үзгүлтүксүз байланышта болушубуз керек. Кудай менен болгон мамилебизде да дал ушундай: Аны жакшыраак таанып-билүү үчүн, Аны менен убакыт өткөрүүгө убакыт бөлүүбүз жакшы.

## Кудай менен болгон убактыбыздын максаты

- **Кудайды даңктоо үчүн:** Кудай мактоого жана Ага убакытыбызды бөлүүгө татыктуу.
- **Кудай менен сүйлөшүү үчүн:** Сыйынуу учурда жүрөгүбүздө эмне болсо бардыгын Ал менен бөлүшөбүз. Анын үнүн угуу үчүн жана бизди жетектеши үчүн биз Кудайга кулак салабыз.
- **Үйрөнүү үчүн:** Кудай бизди Өзүнүн Сөзү, Ыйык Китеби жана Ыйык Руху аркылуу үйрөтүүнү каалайт. Бул биздин рухий тамагыбыз.

## Ыйык Китептеги мисалдар

*Төмөнкү аяттарды карап, таблицаны толтуруңуз: Кайсы адам жөнүндө сөз болуп жатат? Бул адам Кудай менен убакытты качан, каякта жана кандайча өткөрүүдө?*

| Аят | Адам | Убакыт | Жер | Тагыраак? |
|---|---|---|---|---|
| Забур 5:3 | Дөөт | Эртең менен | ? | сыйынып, жооп күтүүдө |
| Даниел 6:11 | | | | |
| Марк 1:35 | | | | |
| Лука 6:12 | | | | |
| Элч.иш 10:9 | | | | |
| Элч.иш 16:25 | | | | |

## Кудай менен болгон убакытка сунуштар жана куралдар

**Ыйык Китеп:** Ыйык Китептен үзүндү окуп, ал жөнүндө ойлонуңуз жана сыйыныңыз. Бул үчүн сиз жүрөк-баш-колдордогу суроолорду колдонсоңуз болот:

***Баш:*** *Эмнени үйрөнө алдык?*

***Жүрөк:*** *Жүрөгүмө кайсыл сөздөр тийди?*

***Колдор:*** *Кантип колдоно аламын?*

**Жер:** Эч нерсеге алаксыбаш үчүн, Кудай менен жолугуша турган жерди тандаңыз.

**Убакыт:** Кудай менен ар дайым жолугууга ыңгайлуу убакытты табыңыз.

**План:** Ыйык Китеп тандаңыз. Башында Лука менен Элчилердин иштери (Жаңы Келишимде) китептерин окусаңыз болот.

**Кыскача жазуулар жана бөлүшүү:** Кудайга болгон суроолоруңузду, сиздин же досторуңуздун муктаждыктарын, Кудайдын жообун, кайсыл бир аяттардын жүрөгүңүзгө сүйлөгөнүн жазып же досторуңуз менен бөлүшүңүз ...

## Менин Кудай менен убакыт өткөрүүгө болгон умтулуум

Убакыт: ______________________________ Жер: ______________________________

План: ______________________________

*Бул документ автордук укуксуз. Сиз аны чектөөсүз колдонсоңуз, көчүрүп же ылайыкташтырсаңыз болот (CC0).*
*1.2 версиясы*